
# Чабак жана "Ажыдаар"



Автор: Миргүл Наралиева

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Чабак жана "Ажыдаар"

Автор: Миргүл Наралиева
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Чабак жана "Ажыдаар" (кыргыз тилинде), автор Миргүл Наралиева, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Көлдүн түбүндө балыктар ойноп жатышкан. Чабак балырдын артында жашынып турган. Бир маалда үстүнөн кара көлөкө түшүп келе жатканын сезди.

Ал жашынган жеринен атып чыкты.

– Чабак, сени таптым. Эми сен бизди издейсиң, – деди аны таап алган балык.

– А мен, мен чочуп кеттим. Бул жерге бир нерсе түштү.





– Карасаңар, – деди Чабак актангандай.

– Калп айтпа! Сен болгону бизди издегенден качып жатасың, – деди балык.

– Ж-о-ок андай эмес. Ишенбесеңер, мына! – деп Чабак балырдын түбүндө жаткан нерсени көрсөттү.

– Аай, и-ий, бул эмне? Кызык экен, – деп балык кызыкты.





Ары жакта жашынган балыктар да сүзүп келишти.

– Кармап көрбөйлүбү? – деп бирөөсү аны сылап көрдү.

Бирок ал дароо канатын тартып алды.


– Ой, бул жагымсыз жыттанат экен, – деп оозун жапты.



– Апам чоочун, жагымсыз жыттанган нерселерден алыс бол деп айткан, – деп дагы бири кетенчиктеди.


Балыктар ойногулары келбей, үйлөрүнө кетип калышты.

Бирок Чабакка бул нерсе кызык болду. Мүмкүн ал сүйлөп же кыймылдап жүрбөсүн. Корккондунан алыстан көпкө карап турду да, үйүнө жөнөдү. Үйү ошол балырга жакын эле. Чабак эртеси ойногон жерине келди. Балырлар кара түскө айланып баштаптыр. Ал көргөн көзүнө ишенген жок. Чочуганынан үйүн көздөй шашып сүзүп жөнөдү.



– Апа, балырлар капкара болуп калыптыр, – деди Чабак көзүн алайтып. – Кечээ биз ойноп жатканда бир нерсе балырга келип түшкөн. Биз качып кеткенбиз.

– Туура кылгансыңар. Кана, көрүп келеличи, – деди апасы Чабакка.






– Биз муну жок кыла албайбыз. Бул кооптуу жерден алыс жакка көчүшүбүз керек. Үйүбүздү таштап кетүү да оор, – деди апасы кейип.

– Эми эмне кылабыз?

– Бизге адамдар гана жардам бере алышат, – деди апасы үшкүрүнүп.



Чабак эртеси дагы барды. Карайган балырлар мурдагыдан да көбөйүп калыптыр. Суугa түшкөн белгисиз нерсе “ажыдааргa” окшоп, улам-улам кара майын оозунан бүркүп жатыптыр. Чабак артын карабай качып, досторуна барды. Көрсө, алар ооруп калышыптыр.


Эмне кылуу керек?


“Ажыдаар” күнүгө минтип чоңоё берсе, апасын, бир туугандарын, досторун да жеп кетчүдөй.

Капа болгон чабак аябай ойлонду. Жээкке сүзүп баруунучечти.



Чабак көлдүн жээгинде ойноп жаткан балдарды көрдү. Толкун менен бирге жээкти карай сүздү. Толкун Чабакты жээкке чыгарды. Бир бала Чабакты көрүп колуна аларда толкун кайра көлгө алып кетти. Чабак ошентип көп жолу жээкке чыгып, кайра көлгө кирип жатты.





Бала таң калып, балыкты байкап турду. Ал суучул байкесин чакырып, балыктын таң калыштуу жоругун айтып берди.

– Байкап көрөлүчү, мүмкүн бир нерсени түшүндүргүсү келип жаткандыр, – деп суучул сууга түштү.



Суунун түбүнөн балыкты көрдү. Чабак адамды түз эле “ажыдаарды” көздөй ээрчитип сүзүп жөнөдү. Суучул карайып калган балырларды көрдү. Сууга жайылып жаткан кара майды да байкады.

Колун созуп, балырдын арасынан дат баскан батарейканы алып чыкты. Чабак “ажыдаардын” оозунан дагы деле кара май агып жатканын көрүп турду. Суучул балырды тазалап алып, жээкке чыгып кетти.




Жээкте суучулду балдардын баары күтүп турушкан.

– Байке, эмне болуптур? Эмнени көрдүңүз? – деп чурулдап жиберишти.


– Сен көргөн балык абдан акылдуу экен. Бул батарейка сууну булгап, аларга коркунуч жаратып жатыптыр.





– Кантип эле, чо-оң көлгө ушул кичинекей батарейка зыян келтирсин? – деди ары жактан бир бала.

– Бул кичинекей болгону менен зыяны абдан көп. Сууга түшсө бир өзөндү, көлдү, дарыяны булгайт. Суу жандыктарынын жоголушуна алып келет, – деди суучул балдарга.



– Жердечи? – деди бир кыз жээктеги дарактарды карап.

– Кургакта да ошондой. Бир кичинекей батарейка 20 метр жерди ууландырат. Өсүмдүктөр куурап, курт-кумурскалар жоголот, – деди суучул муңайып.

– Аи-ий, абдан зыяндуу турбайбы! Батарейка чирийби? – деп сурады кумда отурган бала.

– Ооба, чирийт, бирок ага 100 жыл керек. Батарейканы жерге, сууга, таштандыга таштаган болбойт. Аны атайын алуучу жайга өткөрүп бериш керек. Алар утилдештирүү заводуна өткөрүшөт. Экологияга терс таасирин тийгизет, – деп түшүндүрдү суучул.



– Биз эмне кылсак болот? – деп балдар ойлонуп калышты.

– “Эски батарейкаларды көлгө ыргытпагыла! Балыктар ууланат!” – деп жазып илип коёлу, – деди суучулду чакырган бала.

– Туура, азаматсыңар, балдар! – деди суучул кубаттап.





Чабак “ажыдаардан” кутулганына сүйүнүп, бир туугандарынын, досторунун өз үйлөрүндө калганына ыраазы болуп, таза суудан башын чыгарып, балдарды карап турду...

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Миргүл Наралиева
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли